# КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

## ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ
**№6 жыйындын протоколу**

**Дата: 27.06.2013.**
**Убакыт: 14.00.**
**Бөлмө: Конференц-зал**

**Күн тартибиндеги маселелер:**

1. **МАКтын жыйынтыктары жөнүндө**

Комиссия төрагалары

2. **Илим изилдөө иштердин жарым жылдык отчету**

Борбор башчылары

3. **2013-жылдын 1-жарымында Окумуштуулар кеңеши кабыл алган токтомдордун аткарылышы жөнүндө.**

Окумуштуу катчы

4. **Кол жазмаларды бекитүү.**

4.1. Памятка автору учебника. Окуу китебинин авторлору үчүн көрсөтмө (түзг.: И.Бекбоев).

Син Е.Е.

4.2. Биология боюнча жалпы билим берүүчү мектептер үчүн программа (түзгөн: М.Субанова ж.б.).

Син Е.Е.

4.3. Turbo Pascal. Учебное пособие для учащихся средней школы.

Син Е.Е.

4.4. Маселе иштөөгө машыгуу. Жалпы билим берүүчү мектептердин 7-8-класстары үчүн кошумча окуу колдонмосу (авт.: Эмилбек у. А.)

Син Е.Е.

4.5. Окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлүүчү жалпы билим берүүчү мекемелерде кыргыз тилин 2-тил катары окутуунун программасы (түзгөн: С.К.Рысбаев).

С.К.Рысбаев

4.6.Окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлүүчү мекемелердин 5–9-класстары үчүн кыргыз тили боюнча куррикулум.

С.К.Рысбаев

4.7. Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-6-класстары үчүн окуу-методикалык комплекстери:

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-классы үчүн окуу китеби (авт: П.С.Осмонова).

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-классы үчүн окуу китебине карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт: П.С.Осмонова);

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-классы үчүн окуу китеби боюнча иш дептер (авт: П.С.Осмонова, Т.Н.Абылкасымова).

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби (авт: П.С.Осмонова, Т.Н.Абылкасымова);

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китебине карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт: П.С.Осмонова, Т.Н.Абылкасымова);

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби боюнча иш дептер (авт: П.С.Осмонова, Т.Н.Абылкасымова).

С.К.Рысбаев

4.8. Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 3-класстары үчүн окуу китеби;

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 3-класстары үчүн окуу китебине карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо.

С.К.Рысбаев

4.9. Англис тили. Бишкек шаарындагы № 5 Улуттук компьютердик гимназиянын англис тили багытындагы класстары үчүн модифицирленген программалар (түзгөнмугалимдер: 4-класс үчүн − Арунова Ы, Чалпаков У., 5-класс үчүн −Абдраимова Н, Айтбаева А.).

С.К.Рысбаев

4.10.Учебные пособия по английскому языку для 4-5 классов:First frends;Famili and frends; Let's go;Look up;Solutions;English Plus (3−11 класстар үчүн).

С.К.Рысбаев

4.11. Кыргыз элдик педагогикасында инсанды социалдаштыруу.Монография (автор: М.С.Мурзаев).

К.Д.Добаев

4.12. Основы безопастности жизнедеятельности. Методическое пособие для учителей начальных классов (1-3 классы) (авт.-сост. М.Субанова, М.Т.Иманкулова, В.В.Савочкина, Ч.Ж. Жумакадырова, В.П.Клецова).

Усенко Л.В.

4.13. Неформальное образование /Формалдуу эмес билим берүү. Методическое пособие для учителей (на русском и кыргызском языке) (авт.: АлбанаМаркья, переработано с албанского варианта А.Токтогуловым,В.А.Бредихиной).

К.К.Жунушалиева

4.14. Методическое пособие по проведению внеклассных мероприятий по программе“Школа без насилия” (сост.: Общественный фонд “Лига защитников прав ребенка”).

М.К.Иманкулов

4.15. Положение о специальных средствах Кыргызской академии образования.

4.16. Положение о порядке и условиях премирования работников Кыргызской академии образования.

А.Мамытов

5. Окумуштуу-педагог, Эл агартуунун отличниги, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, филология илимдеринин доктору, профессор, Россиянын Эл аралык педагогикалык жана социалдык илимдер академиясынын академиги, И.Арабаев атындагы сыйлыктын лауреаты, коомдук ишмер Байгазиев Советбек Орозкановичти Кыргыз Республикасынын Эл мугалими наамына көрсөтүү.

Жыйындын башталышына КР Билим берүү жана илим министри К.Ж.Садыков келип катышты.

**А.М.Мамытов:**Ураттуу Канат Жалилович, бүгүн Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отуруму өтүлүүдө. Күн тартиби бекитилген, кворум бар. Күн тартибиндеги маселелердин катарында Окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлүүчү мектептерде кыргыз тилин 2-тил катары окутуу боюнча куррикулум жана 5-6-класстар үчүн окуу-методикалык

комплекстери бар. Ошол боюнча айтар сөзүм бар дегениңизден сизди күтүп турабыз. Анда сөз сизде.

**К.Ж.Садыков** жыйындын катышуучулары менен саламдашып, кеңешмеге айрым шашылыш түрдө чечүүнү талап кылган маселелер боюнча келип отурганын айтты.

Ал өз сөзүндө жакында Жогорку кеңештин айрым депутаттары мамлекеттик бардык документтерди кыргыз тилинде даярдоо, кыргызча билбеген чиновниктерди жетекчи кызматтарга дайындабоо тууралуу мыйзам долбоорун даярдап, өлкө президентине сунушташкандыгын, Президент орус тили расмий тил экендиги тууралуу конституцияда жазылып тургандыгына байланыштуу, бул мыйзамга кол койбогондугун, бирок, учурда мамлекеттик тилди, айрыкча башка улуттун өкүлдөрүнө үйрөтүүнү өнүктүрүү боюнча Президенттин указы даярдалып жаткандыгын, ага байланыштуу Кыргыз тилин 2-тил катары үйрөтүүнүн куррикулумун жана анын негизинде даярдалган 5-6-класстардын окуу китептерин министрликте бекитип берүү зарыл болуп жатканын баяндады.

Буга ылайык, Окумуштуулар кеңешинен аталган окуу куралдардын кол жазмаларын жоопкерчилик менен карап, бекитүү, кемчилиги болсо жакшыртуу боюнча негиздүү сунуштарды берүү жагын өтүндү.

Чындыгында эле окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин бүтүрүүчүлөрү мамлекеттик тилди билишпей жаткандыгын, бул жагынан министрлик менен Кыргыз билим берүү академиясынын жоопкерчилиги чоң экендигин, ошого байланыштуу көз караштар, пикирлер өзүмчүлдүктөн, жеке кызыкчылыктардан тышкары болуусу керектигин, эгер сунушталып жаткан кол жазмалардын мазмуну улуттук баалуулуктарга каршы келсе, аны ачык айтуу зарылдыгын да белгиледи.

Андан кийин **А.Мамытов** маалымат иретинде КББАда аткарылган айрым иштер, анын ичинде “Окуу китебинин авторлору үчүн көрсөтмө (Памятка автору учебника)” акыркы жоболорду эске алуу менен толукталып иштелип чыкканын жана кыргыз тилин 2-тил катары үйрөтүүнүн көп баскычтуу программасы даярдалып, бүгүнкү күн тартибине киргизилгендигин билдирди.

Ошондой эле төмөнкүдөй айрым маселелерди белгиледи:

- Министрлик тарабынан түзүлүп, куррикулум боюнча иштеп жаткан топтун курамына биздин кызматкерлер да аралашып, биргеликте иштесек, академия менен министрликтин ортосунда “конфликт интересов” болбос эле;
- 3-класс үчүн сынак үчүн жактырылган окуу китебин сыноо учурунда окуу китептин башка варианты колдонулуптур. Экспертизанын жыйынтыгын, эксперттердин ой-пикирлерин талкуулап, айырмачылыктарды, мүчүлүштүктөрдү оңдоп келүү үчүн министрликке жөнөтсөк, анын ордуна окуу китебинин макетинин оңдолгон варианты эмес, кайра кол жазма варианты келип түштү;
- 4-класстын окуу китептерин апробациялоо үчүн ар бир наамдагы китептерден 40тан басып чыгардык эле. Бирок, кээ бирлеринин авторлору бул биздики эмес деп жатат. Кээ бир китептер окуу планындагы предметке бөлүнгөн сааттарга дал келбейт экен. Долбоорлор болсо ар түрдүү амалга салып, эптеп аларды окуу процессине киргизип жиберүүнү ойлоп жатышат. Мына ушундай маселелерге көз кырыңызды салып койсоңуз.

**К.Ж.Садыков**3-4-класстардын оку китетпери боюнча айтылгандарга макул экендигин, айтылгандарды тактай тургандыгын билдирди жана ушул сыяктуу маселелер менен таанышып, жеринде чечип туруу макатында министрликтен өкүл катары жаңы шайланган министрдин орун басары Н.Ишекеевди Окумуштуулар кеңешине мүчө катары катышып туруусун сунуштады.

Сунуш кабыл алынды.

**И.Бекбоев:** Биздин жалпы максат, аракет министрлик менен биргеликте жер-жерлерге жакшы китептерди жеткирүү, мектептерди сапаттуу окуу китептери менен камсыз кылуу болуп эсептелет. Айтайын дегеним, 3-класстын апробацияга коюлган окуу китебин быйылкы окуу жылына сунуштоого мүмкүн эмес. Аны Окумуштуулар кеңешинде карап, кайра баштан иштеп, экспертиза өткөрүү үчүн кайтарганбыз, бир жылдык апробация өткөрүү керек деп.

Ошого байланыштуу азыркы колдонулуп жаткан стабилдүү окуу китебин жеткиликтүү санда чыгарып, колдонууга коё берүү керек.

**К.Ж.Садыков:** Жакшы анда, түшүнүктүү.

**С.О.Байгазиев:**Сиз мамлекеттик тилге байланыштуу маселе боюнча чоң миссия менен келип отурасыз. Ушундай чоң милдетти аткара турган кыргыз тили лабораториясы кандай абалда. Бул маселеге мамлекеттик мамиле керек.Илгертен бери кыргыз тили, адабияты өзүнчөлаборатория болуп келген. Азыр чет тили, орус тили менен биригип калды. Кыргыз, орус, өзбек мектептеринде кыргыз тилин окутуу проблемалары боюнча үч гана киши иштеп жатат.Кыргыз тили адабияты өзүнчө лаборатория болсо, же дагы бир-эки штат берилсе.

Анан, былтыры деңгээлдик концепция бекип, аты башкача болуп калды. Ал боюнчаорто мектепте деңгээл боюнча окутулуусу керек. 11ди бүткөндө деңгээли боюнча сертификат берилип, жогорку окуу жайга барганда улантып окуп кеткидей болот. Мына ошол концепцияны жарыялап койсок деген ойдомун.

**К.Ж.Садыков:** Мен бул маселелерди эске алайын.

**А.Мамытов:** К.Ж.Садыков 10 мүнөткө гана деп келди эле, туура түшүнүңүздөр, анда, узатып коюп, андан ары ишибизди улантсак.

1. **МАКтын жыйынтыктары жөнүндө.**

**Угулду:**Кыргыз тили жана адабияты боюнча Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын төрагасы Жеңишбек Арипович Чымановдун отчету (тиркелет).

Ал кыргыз тили жана адабияты боюнча амлекеттик экзамендер жакшы өткөндүгүн, 6 жылдыкта бир гана студент канааттандырарлык деген баага татыктуу болгондугун, калганы 4-5 деген баагы тапшырышкандыгын, кыргыз тили адабияты боюнча эки студент, орус тили жана адабияты боюнча бир студент артыкчылык дипломун ыйгарууга татыктуу болушкандыгын билдирди. Кемчилдиктер дээрлик учурабагындыгын, өткөн жылдырдагы кемчилдиктердин баары эске алынып, четтетилгендигин билдирди. Ошондой эле КББАда окуган студенттердин билим деңгээлдери башка окуу жайлардагы ушундай эле факультеттердегиге салыштырмалуу бир кыйла жогору болгондугун бул студенттердин практика менен тыгыз байланышта болгондугуна байланыштуу экендигин белгиледи.

**К.Д.Добаев:** Жеңишбек Арипович, аттестациялык комиссия студенттердин билимине көп маани берчү эле. Ошол сиздердин отчетко кирдиби?

**Ж.А.Чыманов:** ооба, билим деңгээлге коюлган талаптарга жооп береби деген суроо коюлчу. Жооп берет деген жыйынтыкка келдик.

**А.Мамытов:** Окуу планы аткарылдыбы, жокпу?Окуу планына тийиштүү иштер жасалдыбы? -дегенге жооп берип келип, анан жыйынтыкка келиш керек. Төрага жакшы деп жыйынтыгын берип жатса, аткарылды деп эсептейбиз.

Анда төрагага рахмт айталы. Сөз кийинки төрага Гүлпери Идирисовна Адиловада.

**Г.И.Адилова**быйыл МАКка төрага катары ишеним көрсөткөндүгү үчүн академиянын администрациясынажана коллективине ыраазычылыгын билдирип, андан кийин аттестациялоонун жүрүшү боюнча төмөнкүлөрдү баяндады.

Экзамендер расписаниелер боюнча жакшы даярдыкта уюштурулду. Ошого байланыштуу жыйынтыктар да жакшы болду.

Жазуу жүзүндө тартип менен отчет жазып бердим деп ойлойм.

Башталгыч билим берүү, методика, педагогика ж.б. боюнча экзамендер уюштурулду.

Бул адистиктер боюнча иштелип чыккан билеттер кафедралардын мугалимдери тарабынан түзүлүп, анда башталгыч билим берүүнүн азыркы проблемалары дагы камтылган. Педагогикалык, психологиялык, профессионалдык билим берүүнүн талабына ылайык20 билет түзүлгөн.

Мүчүлүштүктөр жөнүндө айта турган болсом, айрым билеттерде техникалык мүнөздөгү тамгалар кездешкендигин, балдар психологиясына арналган билеттердин суроолору удаалаштыкта түзүлбөй калганын көрсөттүк. Анан көпчүлүк студенттер проблемаларга ылайык негизги (ключевой) түшүнүктөрдүн багыттуулугун билишпейт.

Натыйжалуу аныктамаларды чыгарып, жооп берүүгө жетише элек. Бирок, бул кемчилик бир эле сиздерде эмес, башка вуздарда деле бар.

Академиядагы студенттердин айырмачылыгы, аларда практикалык көндүмдөрдүн калыптанып калгандыгы байкалып турду. 16 студент “5”, 11 студент “4” деген баага татыктуу болушту. Бул академиянын профессордук-окутуучулук курамынын билим берүүчүлүк, тарбиялоочулук, өнүктүрүүчүлүк милдетти өз деңгээлинде аткарып жаткандыгын билдирет, сиздерге рахмат айтам.

Жыйынтыгында, быйылкы жылы Билим берүү академиясында мамлекеттик аттестациялооэң жакшы деңгээлде аткарылды деп мен ишенимдүүлүк менен айта алам (Г.И.Адилованын отчету тиркелет).

**А.Мамытов:** Рахмат, ушул пикириңизди бир газетага берип койсоңуз да жакшы болот эле. Төрайым болдум эле, башка окуу жайларга салыштырмалуу айырма бар десек болот, дегендей кылып.

**Г.И.Адилова:** Сөзсүз. Мен муну аткарам.

**А.Мамытов:** Рахмат сизге. Анда, кимде кандай суроо-сунуш бар?

**К.Д.Добаев:** Дипломдук иштер аткарылбайбы?

**А.Мамытов:**Бул жөнүндө былтыры деле айтылды эле, дипломдук иштин өзүнүн жол-жобосу болот да. Курстук иштер кандай экен?

**Жооп:** База начар деп, практикасыз өткөргөн окуу жайлар бар. Мында жакшы.

**К.Д.Добаев**: Азыр көп пикирлер айтылып жатат, жыйынтыктоочу аттестацияны кантип башкача уюштурууга болот деген. Сиздин пикириңиз кандай?

**Жооп:** Сизайткандай, дипломдук иштерди киргизүү керек, дагы...

**А.Мамытов:**Бизде башкача мүмкүн эмес. Мисалы, Манас университетинде компьютер менен баллды эсептеп турушат.

**К.Д.Добаев:** Мен дабарып көрүп келдимКомпьютерде баалоодо шифр коюп, кимдин иши экени белгисиз, текшере берет экен.

**А.Мамытов:** Келгиле анда, бул маселени чогуу ойлонолу, күздө мамлекеттик аттестациялоону баалоонун жолун жакшыртуу боюнча тегерек үстөл уюштуралы.

**Г.И.Адилова:** Жазуу жүзүндө баалоо кыйын болот. Оозеки баалаганда студенттер менен эркин баарлашып, оюн кеңири угуп, ар тараптан баалоого мүмкүнчүлүк болот.

**А.Мамытов:**Анда рахмат, сизге. Сөз кийинки төрагада.

**Д.Б.Бабаев:** Н.К.Сагыналиева командировкада, Б.Жумабаев ГОСто экен. Экөө келе алышпай калды. Жазуу түрүндөгү отчеттору бар.

**А.Мамытов**: Жазуу түрүндөгү отчеттору жарабайт. Ушинтип кантип кабыл алдыңар, кимдин кандай баага тапшыргандыгы тууралуу гана эки барак статистиканы жазып коюшуптур. Мындай отчетту кабыл ала албайбыз. Экөө тең талапка ылайык кеңири, мазмундуу отчет даярдап келишсин, андан кийин гана төлөнүп берилет.

Бүгүн Ж.Ариповдун жана Г.И.Адилованын отчетун кабыл алалы. Г.И.Адилова абдан кеңири, мазмундуу, жакшы отчет даярдап келиптир. Андан кийин, Жеңишбек Ариповичтин отчету да кенен, жакшы экен. Сиздерге чоң рахмат.

Ушул эки отчетту кабыл алалы. Макул дегендер добуш бериңиздер.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагалары Ж.А.Чымановдун жана Г.И.Адилованын отчеттору кабыл алынсын.

2. Комиссия төрагалары тарабынан белгиленген кемчиликтерди өз учурунда жою жагы борбордун жетекчилигине милдеттендирилсин (Бабаев Д.Б., Шергазиев А.Ж.).

3. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагалары Н.К.Сагыналиева менен Б.Жумабаевдин отчеттору толуктап алып келүү үчүн кайтарылсын жана мунун аткарылышын көзөмөлдөө Д.Бабаевге милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышынын жалпы көмөлдөө жагы С.О.Байгазиевге жүктөлсүн.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**2. Илим изилдөө иштердин жарым жылдык отчету**

**Угулду:** Мектепке чейинки жана мектепте билим берүү борборунун башчысы И.Бекбоев борбордогу лабораторияларда аткарылган илимий иштердин жарым жылдык жыйынтыгы боюнча кыскача маалымат берди (И.Бекбоевдин отчету тиркелет).

Ал өз сөзүндө отчеттор 1. Эмне пландаштырылган? 2. Эмне аткарылды? 3. Эмне аткарылбай клды жана эмне үчүн? деген үн пункт боюнча кабыл алынганын, төрт лаборатория 15 беттен отчет тапшырышканын, айтып, алардын мазмунуна кыскача токтолуп өттү.

Тапшырылган отчеттордун ичинен ал Мамлекетти тил жана лингводидактика лабораториясынан С.О.Байгазиевдин отчетун үлгү катары алса боло тургандыгын белгиледи. Ал 5-11-класстагы кыргыз адабиятынын мазмунун өркүндөтүүнүн үстүндө иштеп, мектептеги, газет журналдагы маалыматтарды, Жумгалдан алынган анкеталарды талдагандыгын, мурдагы мүчүлүштүктөрдү ырааттуу четтеткендигин, жеңилден оорго карай принцибин колдонуп, адабияттагы ойлорду жакшы жайгаштыргандыгын, программада адабиятты үйрөнүүнү үч этапка бөлүп, “Манас” үчилтигине кеңири орун бергендигин айтты.

Ал эми лабораториянын отчетун схема боюнча даярдоону Е.Е.Син жетектеген лаборатория абдан дыкаттык менен аткаргандыгын, 13 кишинин 13 подтема боюнча эмне иш аткарганын толук тактап, переплет кылып тапшырган жалгыз ушул лаборатория болгонун белгиледи.

**А.Мамытов:** Артта калуу барбы?

**И.Бекбоев:** Табигый-математикалык предметтер лабораториясындагы И.А.Железнованын иштеринде гана артта калуу бар экен, аны так жазып, себептери келтирилген. Калгандарында андай белгилөө жок.

**А.Мамытов:** Рахмат. Анда сөз К.Д.Добаевде.

**К.Д.Добаев**өзү жетектеп келгенкесиптик билим берүү борборундагы эки лаборатория аткарган эки илимий тема боюнча илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгы, жарыяланган эмгектери боюнча маалымдады (К.Д.Добаевдин отчету тиркелет).

Ошондой эле ал кредиттик технологияга өтүү боюнча бирдиктүү окуу план жок экендигин, окуу пландарын жаңыртуу зарылдыгын, өзү бул боюнча көрсөтмө (руководство) даярдагандыгын билдирди.

**А.Мамытов:** Анда, мен ушул отчетуңузга ылайык, биздин мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, кайра даярдоо борборун кредиттик технологияга өткөрүүнү сизге тапшырма беремин.Өзүбүздө кредиттик технология жок туруп, башкаларды кантип сындайбыз. Ошорндуктан, бул ишти колго алыңыз.

**Д.Бабаев:**алгач, министерстводо Абдыманап Жолдошевичке айтып, түшүндүрүү керек. Азыр чынында МУКтун кредити бөлөк, башка вуздардыкы да ар кандай.

**А.Мамытов:** Мурдагы жылы бир жигит бизге аспирантурага келиптир. Өткөнү 27 эле кредит экен. 120 кредит болуш керек эле да. Аспирантурага ала албадык.

Азыр единица измерения ар түрдүү болуп жатат. Өкмөттүн токтому бекиди, жаңы муундагы стандарттар бекиди, эми ушул жагын колго алуу гана калды.

**К.Д.Добаев:** Мен бир макала жаздым эле. КАОнун жаңы структурасынын өзгөрүшү менен ушуга байланыштуу көп иштерди да жакшы жолго коюп алууга боло тургандыгы жөнүндө эле. Азыр уга аласыздарбы.

**А.Мамытов:** Күн тартибинде маселе абдан көп, сайтка илип койсоңуз, анан окуп көрөлү.Анда, кезекти кийинки борборго берели.

**Д.Б.Бабаев:** Биздин борбордо 6 кафедра иштейт. Ар бир кафедрада өзүнө тиешелүү илимий темалар тактalган. Ар бир кафедрада тарабынан жарыяланган эмгектер отчетто так көрсөтүлгөн. Биздин борбордун отчетуна кирген макалалар 1-борборлун илимий отчетуна отчетуна кошулбаган, кафедранын ишмердүүлүгүнө гана байланышкан эмгектер кирди. Конференция, семинарлардын саны 17 болду.Телевидение аркылуу чыгып интервью бергендер болду (С.К.Рысбаев, Б.Абдухаимдова). Негизинен жылыш бар. Илимий-методикалык иш менен алектенбеген бир да окутуучу жок.

**А.Мамытов:**Штаттагылар жөнүндө гана айтып, совместителдерди кошпой эле койгонуңар туура. Анда, отчетторду угуп бүттүк, кимде кандай суроо, алымча-кошумчалар бар?

**С.О.Байгазиев:**Мен жалпысынан жыйынтыктап коёюн. Биздин академиянын кызматкерлери үч жылга эсептелген үч чоң темада иштеп жатышт. Бюджеттик теманын үстүндө 41 адам иштейт. Документацияларга карасак, календардык планды тактап түздүк, жумуш план боюнча так кетип жатат. Календардык план боюнча отчет берип жатабыз. 150 макала жарыяланды. Макала жазуудагы активдүүлүк боюнча айтсак, К.Д.Добаев 9 макала жазган, үчөө интернетте, калганы басмада. Андан кийинки активдүүлүк И.Бекбоевде. Отчет боюнча Е.Е.Синдин отчету бардыгынан так болуп жатат. “Запланировано”, “выполнено” деп ар бири ачык, так жазылган. Ушул жагынан бул лаборатория айырмаланып жатат.

Быйыл 1-жарым жылдыкта илимий кызматкерлер менен бирге 3-4 семинар өттүк. Бул да илимий ишке жакшы таасирин тийгизди.

Артта калуу айрым кишилер боюнча гана болсо, жалпы алганда жок.

**А.Мамытов:** башка пикир болбосо, анда жыйынтык чыгаралы.

Борборлордо жүргүзүлгөн илимий изилдөө иштеринин жарым жылдык отчетун угуп жана талкуулап, Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:

1. Борборлордун 1-жарым жылдык отчеттору эске алынсын.
2. Илимий изилдөөлөрдүн жүрүшүндө артта калуулар жок экендиги белгиленсин.
3. Табигый-математикалык предметтер лабораториясынын башчысы Е.Е.Синдин жарым жылдык отчетту схема боюнча дыкаттык менен даярдагандыгы белгиленсин.
4. Башка бардык лаборатория башчыларга илимий отчетторду даярдоо тартибин Е.Е.Синден үйрөнүү милдеттендирилсин.
5. Илимий изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча макала жарыялоодо И.Бекбоев менен К.Д.Добаевдин активдүүлүгү белгиленсин.
6. К.Д.Добаевге Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо борборун кредиттик технология боюнча окутууга өткөрүү милдеттендирилсин.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**3. 2013-жылдын 1-жарымында Окумуштуулар кеңеши кабыл алган токтомдордун аткарылышы жөнүндө.**

**Угулду:** Окумуштуу катчы Б.Б.Мурзаибраимоватөмөнкүлөрдү белгиледи.

Окумуштуулар кеңеши 2013-жылдын 1-жарымында, бүгүнкүнү кошо эсептегенде 6 жолу жыйын өткөрдү. Баардыгы болуп, академиянын ишмердүүлүгүнө байланыштуу 11 маселе каралды. Ал маселелер боюнча кабыл алынган токтомдордун аткарылышында артта калуулар жок.

Февраль айындагы отурумда каралган Илимий, методикалык, уюштуруу жана басма иштери боюнча бөлүмдүн ишмердүүлүгүн текшерүүнүн жыйынтыгында комиссия белгилеген кемчилдиктердин баары жоюлду, атап айтканда бөлүмдүн документациялары, аспиранттардын документтери иретке келтирилди; техникалар турган бөлмө коопсуздук эрежелерине жооп бергендей абалга келтирилди, тазаланды; журналда КББАнын кызматкерлеринин макалаларына кеңири орун берилүүдө.

Айрым токтомдордун аткарылышы улантылууда. Мисалы, “Билим берүү менеджменти” кафедрасынын иш кагаздары мамлекеттик тилге өткөрүлүп жатат, кафедрага илимий даражалуу кадрларды кабыл алуу аракеттери да жүрүүдө.

Кол жазмалар боюнча отчеттук мезгил ичинде январь айынан бүгүнкү күнгө чейин Окумуштуулар кеңеши тарабынан 74 эмгек талкууланды. Бекигени 60: 5 программа, 11 окуу китеп, 44 колдонмо. Кайра иштөөгө кайтарылганы 14: 6 окуу китеп (китеп-дептери да бар), 8 колдонмо. Кол жазмалар боюнча чечимдер аткарылып жатат.

**А.Мамытов:** Түшүнүктүү. Кимде суроо бар. Жок болсо, маалыматты кабыл алалы.

**Окумуштуулар кеңешинин токтому:**

2013-жылдын 1-жарымында Окумуштуулар кеңеши кабыл алган токтомдордун аткарылышы жөнүндөокумуштуу катчы Б.Мурзаибраимованын маалыматы эске алынсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**4. Кол жазмаларды бекитүү.**

**4.1. Окуу китебинин авторлору үчүн эскерткич /Памятка автору учебника. (түзг.: И.Бекбоев).**

**Угулду:** Табигый-математикалык предметтер лабораториясынын башчысы Е.Е.Синдин билдирүүсү. Ал төмөнкүлөрдү белгиледи.

14 беттен турган бул эскерткич И.Бекбоев тарабынан даярдалып, 1999-жылы басылып чыккан жана бир топ жылдар боюю окуу китебин түзүүнүн жана түзүлгөн окуу китептерге баа берүүнүн эскерткичи катары пайдаланылып келди. Учурда ал мезгил талабына жараша өзгөрүүлөрдү, окуу китептерин даярдоо жана тандоо боюнча жоболорду эске алуу менен толукталып иштелип чыкты. Орусча вариантын мен карап чыгып, редакциялап, лабораторияда талкууладык, кыргызча вариантын даярдоо “Басма” борборунун директорунун м.а. С.Жунусбаевге жүктөлгөн. Айрым техникалык мүнөздөгү каталары басууга чейин оңдолот.

Е.Е.Синдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Окуу китебинин авторлору үчүн эскерткич / Памятка автору учебника (түзгөн: И.Бекбоев) китепчесинин толукталып иштелип чыккан варианты жактырылсын жана басууга сунушталсын.

2. 2013-ж.1-октябрына чейин эскерткичтин кыргыз тилиндеги вариантын даярдоо жагы “Билим” басма борборунун директорунун м.а. С.Жунусбаевге жүктөлсүн.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**4.2. Биология.Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу программасы (түзгөн: М.Субанова ж.б.).**

**Угулду:** Табигый-математикалык предметтер лабораториясынын башчысы, п.и.д.,доцент Син Е.Е. программанын кол жазмасы боюнча төмөнкүлөрдү билдирди:

Бул программада мектептеги биологиялык предметти окутууну оптималдаштыруунун шартына байланыштуу мазмундук жактан ички өзгөргөрүүлөр болгону белгиленет. Демек, буга чейин биологиянын “Ботаника”, “Зоология” бөлүмдөрү эки класста окутулуп келген болсо, эми мындан ары ар бир класста бирден гана бөлүм окутулат: 6-кл.–“ботаника”, 7-кл. – “Зоология”, 8-кл. − “Адам жана анын ден соолугу”, 9-кл. – “Тиричиликти жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү”. Ушуга байланыштуу биологиялык билим берүүнүн мазмуну бир бүтүндүүлүктү камсыз кылган системага келтирилди. Сунушталган программа бул предметке коюлуучу талаптарды толук чагылдырат. Ал 5 бөлүмдөн туруп, анын ар бир бөлүмүнө тиешелүү окуучулардын билим алуу иш-аракеттери, лабораториялык-практикалык иштер кеңейтиген жана окуу-методикалык адабияттар белгиленген. Мындан башка кыскартылган бөлүмдөр боюнча окуу материалдары анын маңыз мазмунуна жараша белгилүү блокторго ирилештирилип берилген. Бул көргөзүлгөндөр предметти окутууну оптималдаштыруунун принцип жана критерияларына туура келет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат**:

1. Биология.Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу программасынын жаңы варианты (түзүчүлөр: Субанова М., Токтосунов А.Т., Давлетова Ч., Сатубаева А.С., Алымбаева Б.Б.)бекитилсин жана басууга сунушталсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**4.3. Turbo Pascal. Учебное пособие для учащихся средней школы(авторы: А.М.Эктов, Г.А.Эктова).**

**Слушали:** Выступление зав. лабораторией естественно-математических предметов, доцент, д.п.н., Е.Е.Син. Он дал информацию о структуре содержания пособия и отметил что, учебное пособие может оказать существенную помощь ученикам.

**К.Д.Добаев:** Почему названия пособии Turbo Pascal? Это пособие где будет пользоваться? В Кыргызстане или в Англии?

**Г.А.Эктова:** Мы назвали её по названии программы. Turbo Pascal – это название компьютерной программы. Учащимся и учителям-информатикам это понятно.

**А.М.Мамытов:** Сиз эмне дейсиз, Сакебай Абдыбекович?

**С.А.Бектеналиев:** Мен азыр эчтеке дей албайм. Мени деле талкуууга катыштырып коюшса болмок экен.

**А.Мамытов:** Анда, Сакебай Абдыбекович, биздеги компьютердик технологиялар боюнча борбордун жетекчиси катары карап чыгыңыз, кийики отурумга калтыралы.

**Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

Turbo Pascal деп аталган окуучулар үчүн информатика боюнча окуу колдонмосу (авторы: А.М.Эктов, Г.А.Эктова) С.Бектеналиевдин катышуусунда талкуулоо үчүн лабораторияга кайтарылсын.

**4.4. Маселе иштөөгө машыгуу. Жалпы билим берүүчү мектептердин 7-8-класстары үчүн кошумча окуу колдонмосу (авт.: Эмилбек у. А.)**

**Слушали:** Заведующего лабораторией естественно-математических предметов, д.п.н., доцента Е.Е.Син. В своем выступлении Е.Е.Син отметил, что пособие подготовлено для учащихся и содержит в себе занимательные задачи. Задания доступны, пособие соответствует школьной программе. Оформление хорошее, задачи очень интересные.

**А.Мамытов:** Кайсы предмет боюнча маселе болуп жатат?

**Е.Е.Син:** предмет Физика.

**А.Мамытов:** Аталышында да, лабораториянын чечиминде да физика деген сөз жазылбаптыр.

**Б.Мурзаибраимова:** “Физика боюнча маселе иштөөгө машыгуу” деп толуктап койсо болот го анда.

**И.Бекбоев:** Маселе иштөөгө ким машыгат, мугалимби же окуучубу?

**Жооп:** окуучу.

**И.Бекбоев:** Анда, “Жалпы билим берүүчү мектептердин 7-8-класстарынын окуучуларын физикалык маселелерди чыгарууга машыктыруу” деш керек.

**А.Мамытов:**Сиз кандай дейсиз, Дөлөн Бабаевич?

**Д.Б.Бабаев:**Абакир Мамытовичтин, Исак Бекбоевичтин айткандары жөндүү болуп жатат. Окуучуларды маселе иштөөгө үйрөтүү деген усулдук колдонмо болушу мүмкүн. Бирок, мен ичин көргөнүм жок. Ошондуктан, азыр конкреттүү эчтеме айта албайм. Бул жерде менин да Сакебай Абдыбековичтикиндей пикирим бар. Мен мектепте физик мугалими болгомун, 18 жыл физиканы окутуунун методикасы боюнча кафедра башчысы болгомун, мени деле физика боюнча келген ушундай эмгектердин талкуусуна чакырып коюшса жаман болбойт эле.

**С.Жаанбаев:** Мазмунунда машыктыруучу көнүгүүлөр чыгарылыш мисалдары менен берилгенби?

**Б.Мурзаибраимова:** Чыгарылыштары жок. Маселелер гана камтылган.

**С.Жаанбаев:**Эгер бул автор өзү жаңы түзгөн маселелерин киргизген болсо, ал маселелердин сапатын караш керек. Жөн эле формулага коюп чыгарып коё турган маселелерби, же кандай деп. Дүйнөлүк олимпиадага барганда биздин балдар логикалык ой жүгүртүүнү талап кылган маселелерден кыйналып калган учурлар болуп жатат. Анан, аталышын физикалык маселелер жыйнагы деп деле койсо болот.

**Б.Мурзаибраимова:** Андай аталыштагы китеп бар, жакында бекитип бергенбиз.

**А.Мамытов:** Качан келип түштү? Автору ким, барбы бул жерде?

**Е.Е.Син:**Келип түшкөнүнө 3 айдан ашты. Авторуна айтылган, бирок келген жок.

**А.Мамытов:**Кечээ дүйнөлүк олимпиаданын жыйынтыктары боюнча телеберүү болду. Техникалык университеттен барган аял айтып биздин балдардын жакшы жана жетишпеген жактарын айтып, маселелерди жакшы эле чыгарып, приборлорду тааныбай жаткандыгын белгиледи.

**И.Бекбоев:** Приборлорду көргөн эмес да, прибор жок болсо эмнесин көрөт.

**А.Мамытов**: ушунун тегерегинде практиктердин да оюн угуп коюш керек. Бир айдан көп деле жоготуу болбойт.Анда, Д.Б.Бабаевди илимпоз катары, С.Жаанбаевди көп жылдардан бери физика боюнча дүйнөлүк олимпиадаларга окуучуларды алып барып жаткан киши катары катыштырып, талкуулоо үчүн кол жазманы лабораторияга кайтаралы.Ким макул болсо, добуш бериңиздер. Макул – баары.

Талкуунун негизинде**Окумуштуулар кеңешитоктом кылат:**

“Маселе иштөөгө машыгуу” деп аталган жалпы билим берүүчү мектептердин 7-8-класстары үчүн кошумча окуу колдонмосу (авт.: Эмилбек у. А.) физика боюнча адистерди көбүрөөк катыштырып, кайра талкуулоо үчүн лабораторияга кайтарылып берилсин.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**4.5. Окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлүүчү жалпы билим берүүчү мекемелерде кыргыз тилин 2-тил катары окутуунун программасы (түзгөн: С.К.Рысбаев).**

**Угулду:**Мамлекеттик тил жана лингводидактика лабораториясынын башчысынын м.а. С.К.Рысбаевдин төмөнкүдөй билдирүүсү.

Кыргыз тилин 2-тил катары окутуунун колдонуудагы программасы 1995-жылы түзүлгөн. Андан бери коомчулуктун кыргыз тилине болгон мамилеси жана аны окутуу методикасын өзгөртүү талаптары коюлду. Дүйнөдө тилдерди үйрөтүүнүн Эл аралык стандартынын талаптарына ылайык жаңы технологиялар, атап айтканда бөтөнтилдерди үйрөтүүнүн деңгээлдик ыкмасын пайдалануу сунуштала баштады. Ушуга байланыштуу Кыргызстандагы окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлүүчү мектептерде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүү методикасы жаңыланууга муктаж болду.

Натыйжада, ушул жылдын 4-мартында КР БИМ бекиткен концепциянын негизинде, окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1-9-класстары үчүн жаңы программанын долбоору иштелип чыкты. Программа киришүүдөн, деңгээлдик талаптардан (А1 деңгээли, карапайым деңгээл - 1-кл., А-1.1 деңгээли-жөнөкөй деңгээл- 2-3-4-кл., А2 деңгээли, негизги деңгээл -5-7-кл. Б1 деңгээли - орто деңгээл- 8-9кл.) жана окуу материалдарынан турат. Булар боюнча окуучулар өздөштүрө турган тилдик материалдары жана сүйлөө көндүмдөрү сүйлөшүү кырдаалдарына жана сүйлөшүү чөйрөлөрүнө (өздүк, күндөлүк турмуш-тиричилик окуу, эмгек, социалдык- маданий, табият, кызыгуулар, этикет) жараша берилген.

Программанын долбоору боюнча мугалимдерден оң пикирлер бар. Лаборатория бул программаны долбоор катары жактырып, массалык маалымат каражаттарына жарыялоого уруксат берүүнү сунуштады.

Анан, мына бу “2-тил катары” деген сөз да талаш-тартыш жаратты. Негизи, тил үйрөтүүгө карата үч мамиле бар: Тилди эне тили катары үйрөтүү, экинчи тил катары, андан кийин чет тили катары үйрөтүү деген. Жакында мен И.Арабаев атындагы университетте өткөн конференцияда ушул туурасында сүйлөсөм, кыргыз тилин 2-тил деп атоого болбойт дейт тил комиссиясынын жаңы төрагасы.

Мен методикада башка улуттун өкүлдөрү үчүн кыргыз тили 2-тил болот. Мисалы, кыргыз улутундагылар үчүн кыргыз тили эне тил катары, орус тили 2-тил катары,калган тилдер чет тили катары үйрөнүлөт.Ал эми, орус, өзбек, тажик улутундагылар орус, же өзбек, же тажик тилиүчүн эне тили катары, ал эми 2-тил катары кыргыз тили окутулат. Саясат кылсак, анда кыргыз тилин бардык мектепте 1-тил десек болотдедим.

Бирок, “кыргыз тилин мамлекеттил тил катары гана окутуш керек, болбосо орус мектептеринде окушкан кыргыз балдарга орус тили эне тили катары, эне тили болгон кыргыз тили 2-тил катары окутулуп калабы” дешип, такыр түшүнбөй коюшту.

**С.О.Байгазиев:**Жумушчу вариант катары кабыл алып турсак, анан дагы такталат го. Анан, мына бу карапайым деңгээл дегендин да вариантын ойлонуп көрүш керек экен.

**И.Бекбоев:** Кайсыл класстарга арналган жана жумасына канча сааттан?

**С.К.Рысбаев:**1−9 класстар үчүн. Жумасына 3 сааттан.

**К.Жунушалиева**: Ар бир деңгээлде канчадан сөз үйрөтүү керектиги такталдыбы?

**С.К.Рысбаев:** Такталды. Ар бир деңгээлде, андагы ар бир темада канчадан жаңы сөз үйрөнүлүшү керектиги каралды.

**К.Жунушалиева:** Эмне үчүн карапайым деңгээл деп алдыңыз?

**С.К.Рысбаев:** Бул өтө жөнөкөй, өзүн жана өзү турган, отурган жерин тааныштырган деңгээл. Бул деңгээлди Эл аралык терминде жан сактоо деңгээли деп коюшат экен.

**С.Жаанбаев:** Бул программаны быйыл мектептерге беребизби? Мурунку программаны ушуну менен алмаштырабызбы?

**С.К.Рысбаев:** Азырынча жок. Бүгүн долбоорду жактырып берсеңиздер, янарьга чейин кондициясына жеткирип, анан...

**И.Бекбоев:** Анда кондициясына жеткенден кийин эле карабайбызбы?

**А.Мамытов:** Жок. Бул мындай болот. Бүгүн министрдин келип сүйлөгөн сөзүнөн деле байкадыңыздар, бул биздин эл аралык стандарттын деңгээлинде программабыз бар дегенге жооп болуп калышы керек да, окуу китептери боюнча жарыялана турган кезектеги конкурстарга негиз болуп калышы керек.

**Д.Бабаев:** Мамлекеттик тил комиссиясы менен да макулдашуу барбы? Деңгээлдер боюнча талаптар.

**С.Иптаров:** Деңгээл түшүнүгү менен класс түшүнүгү бири-бирине туура келе турган түшүнүктөр эмес да. Мисалы, 7-класстын окуучусунун деңгээли 10-класстын окуучусунун деңгээли менен бирдей болуп калышы мүмкүн да. Анда экөө эки башка программа менен окушу керек болуп калабы. Ошондуктан, класс подходу менен деңгээл подходу эки башка өңүттө болушу керек да.

**А.Мамытов:** Мына бул деңгээлди класста окутуунун жыйынтыгы катарында карап, критерий кылып алыш керек болуп жатат да. Ушул жол менен барса мектепти бүткөн бала сөзсүз бир деңгээлге жетет да, вузга барганда башка программа менен улап кетиши керек. Биз кайра-кайра эле казып кайталатып жатабыз.

**С.Иптаров:** Канткен күндө дадеңгээл менен класстычаташтырбаш керек.7-класстын баласы 11-класска чейин кыргыз тилин окубай жүрө береби, деңгээли 11-класстыкы болсо?

**А.Мамытов:** Мамлекеттик стандарт деген ал минимум, а өнүгүп кете берем дегендерге успехов деш керек.

**К.Д.Добаев:** Жалаң эле тилдин технологиясын билбеген адамдар сүйлөп жатасыңар. Ал эчак эле негизделген. Тоефлдын технологиясы боюнча жогорку, ортоңку, төмөнкү деңгээл деп. Ошону эле тактап койсо болот.

**А.Мамытов:** Макул деңгээлди аныктап койдуңар дейли, бирок, мектептин ар бир классы үчүн ошол деңгээлдерге карата программа бериш керек да.

**К.Д.Добаев:** Азыр ушундай кете берсинр, анан дагы такталат.

**Д.Б.Бабаев:** беките берсек, анан дагы түзөтүүлөр киргизилет да.

**И.Бекбоев:** Долбоор катары бекитүү керек.

**А.Мамытов:** Анда, долбоор катары бекители дагы, “Кут билимге” расмий түрдө жарыялайлы, андан кийин элдин пикирин угуп, кайра кайрылалы деген чечимге келели.

Талкуунун жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлүүчү жалпы билим берүүчү мекемелерде кыргыз тилин 2-тил катары окутуунун программасынын долбоору (түзгөн: С.К.Рысбаев)жактырылсын.

2. Аталган программанын долбоору кеңири талкуу үчүн “Кут билим” газетасына расмий түрдө жарыялансын.

3. Талкууда түшкөн сунуш-пикирлерди эске алуу менен кайра талкуулап, программаны Окумуштуулар кеңешине алып чыгуу жагы мамлекеттик тил жана лингводидактика лабораториясына тапшырылсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**4.6. Окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлүүчү мекемелердин 5–9-класстары үчүн кыргыз тили боюнча куррикулум.**

**Угулду:**Мамлекеттик тил жана лингводидактика лабораториясынын башчысынын м.а., п.и.д., профессор С.К.Рысбаев төмөнкүлөрдү билдирди.

Ушундай аталыштагы кол жазма биздин лабораторияга бир жума мурун келип түштү. Анан, ушул куррикулум боюнча 5-, 6-класстардын окуу китептери, методикалык колдонмолору жана жумушчу дептерлери да кошо келди. Кеңешип кескен бармак оорубайт дегендей, автор-түзүүчүлөр менен эки күн кеңешип, талашып-тартышып отуруп, бир чечимге келдик.

**И.Бекбоев:** Сулайман Казыбаевич, кайра айтыңыз, 5-9-класста... анан?

**С.К.Рысбаев:**5-9-класста кыргыз тилин 2-тил катары окутуунун куррикулуму.

**И.Бекбоев:** Токтоп туруңуз. Өзү, окуу-нормативдик документтер бар, ошондо окуу планы деген бар, окуу программасы деген бар, билим берүүнүн мамлекеттик стандарты деген бар. Кайдан чыккан желмогуз бул?

**С.Жаанбаев:**Куррикулум деген сөз кашаага алынып, сыртында стандарт деп жазылып турбайбы.

**С.К.Рысбаев:** Биз дагы сурадык, түшүндүрмө каты кана, эмнеге таянып түздүңөр?- деп. Мында негизинен негизги жана предметтик компетенцияларга көңүл бурулуптур. Алгач тил үйрөтүүнүн жалпы компетенциялары, андан кийин предметтин мазмуну, грамматикалык материалдары, андан кийин усулдары, окутуу формалары, баалоо, баалоонун түрлөрү, андан кийин тиркеме катары 5тен 9га чейинки грамматикалык минимумдар берилген.

**И.Бекбоев:** Вообщем “винегрет”. Сулайман Казыбаевич, мектептер жетекчиликке алып, нормалдуу иштеш үчүн зарыл болгон окуу-нормативдик документтердин тизмесинде куррикулум деген балекет жок. Анда Жогорку кеңештен бекиттирип беришсин, эмне кереги бар болбогон оокатка башты оорутуп.

**С.К.Рысбаев:** Биз да ушул тууралуу бир нече суроолорду бердик, жооп алдык, аягында төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик. Биринчиден, куррикулумга мамлекеттик тилди деңгээлдик окутуу боюнча маселелерди кошуу керек; лексикалык минимумду активдүү жана пассивдүү лексикалык минимумга бөлүп чыгуу керек; адабиятты таптакыр четке чыгарып салбоо керек, анткени кыргыз тилдин ичинде адабияттын интеграцияланышы методикалык ыкма катары берилип жатат. Кыргыз адабиятын өзүнчө предмет катары жокко чыгарып коюуга таптакыр каршымын. Тил сабагында адабият тилди өнүктүрүүнүн каражаты болсо, адабият сабагында тил адабиятты өздөштүрүүнүн куралы болот. Ошондуктан, менин сунушум боюнча, куррикулумду кайрадан толуктап, мезгил талабына ылайыктап, деңгээлдик талаптарды киргизүү менен иштеп чыгуу керек; компетенттүүлуктөр жалпы болуп калган, аларды морфологиянын, синтаксисттин материалдарын үйрөнүүдө ээ болуучу конкреттүү компетенттүүлүктөр менен толуктоо керек.

Буларды аткаруу үчүн талашып-тартышпай, биргеликте иштейли деген сунуш болду. Мени консультант болуп бериңиз дешти.

Анан биз Абакир Мамытович болуп кеңешип, кыргыз тилин аталган мектептерде 2-тил катары окутуунун программасын бекители да, бул куррикулумду кайра иштелип келгенден кийин, ошол программаны ишке ашыруунун технологиялык картасы катары сунуштайлы деген чечимге келдик. Кыскасы, үч айдын ичинде биргеликте кайра иштөөнү сунуш кылдык.

**А.Мамытов:** Сөз мындай болуп жатат. Кандайдыр бир деңгээлде “стандарт” деген расмий түшүнүктү “куррикулум” деген түшүнүк менен алмаштыруу аракети бар. Көрүнгөн

документте “билим берүүнүн мамлекеттик стандарты (куррикулум)” деп жазылып жатат. Буга мен түпкүлүгү каршымын. Себеби, Билим берүү мыйзамында “куррикулум” деген түшүнүк жок. Эл аралык келишимдерде – СНБ өлкөлөрүндө, ШОСто, документтерди таануу маселесине келгенде “обмен стандартами” деген бар, “обмен куррикулумами” деген жок. Ошон үчүн куррикулумду стандарт менен бир линияга койгонго мен каршымын.

Экинчиден, бир чоң ката – биз “предметтик стандарт” деген түшүнүккө жеңил мамиле кылып жатабыз. Бул мыйзамсыз түшүнүк. Билим берүү мыйзамын алып, карап көргүлө, стандарт билим берүүнүн деңгээлине карата иштелип чыгат. Мектеп билимине, адистик башталгыч билимге, адистик орто жана адистик жогорку билимге. Предметтик стандарт болбойт. Себеби, стандарт деген түшүнүк бир нече нерсени милдеттендирет: предметтик билим берүүнүн милдеттүү-минималдык мазмуну, окуу процессине коюлуучу талаптар, окуу куралдарынын орду, алар кандай колдонулат, кадрлар менен камсыз болуу, материалдык базасы, кантип аттестация жүргүзүлөт, анан кандай документ берилет.

Биздин мектеп билиминде физиканы, химияны же башка предметти окуп бүттүң деп документ берилбейт. “Мектепти бүттүң” деп гана документ берет.

Демек, “стандарт” деген түшүнүк кеңири. Ал эми, “предметтик стандарт” деген бул жумушчу түшүнүк болгондуктан, аны документке киргизүү негизсиз деп эсептейм.

Анан, бул технологияга келгенде, “Өлкөнүн өнүгүү стратегиясы” деген расмий докуммент бар, Президент бекиткен. Ал жерде мектеп билим берүүсүнө куррикулярдык технологияны киргизүү стратегиялык милдет катары аныкталган. Өкмөттүн “План действий” деген документи бар, биз ай сайын, квартал сайын отчет берип жаткан документтин бири. Ал жерде дагы бул документ турат. Ага биз жооп берип турушубуз керек. Ошон үчүн министр өзү да келип, түшүнүк берип, түшүнүү менен мамиле кылгыла деп кетти. 3-нерсе, Кыргызстанда Улуттук алкактык куррикулум деген документ расмий түрдө коллегиядан бекиген. Ал методологиялык көз караштан алганда мектеп билим берүүсүнүн аймактырын, компетенциялардын түрлөрүн, баалоонун түрлөрүн жана ага болгон мамилени аныктап, окутуунун күтүлүүчү натыйжасына багыттап окутуу идеясын карманган. Бул методологиялык көз караш. Инсанга багыттап окутуу, практикага жакындатып окутуу дегендей эле, алкактык куррикулум да негизги линиялар берилген. Таптакыр эч нерсеге негизделбеген дегенге мен кошула албайм.

Куррикулум технологиясы баарын бузуп жиберет дегенден мен алысмын. Анткени, билим берүүнүн мазмуну бизде стандартта аныкталган, ар бир предметтин мамлекеттик программасында такталып, кеңейтилип, предметке жараша ылайыкталып, дагы берилген. Программа менен стандарт бири-бирине карама-каршы келбейт. Программа стандартты тактап, тереңдетип берет. Куррикулярдык технология ошол программадагы мазмунду жөнөкөй эле жазып берсе болот. Себеби, бул куррикулярдык технологияда ар бир сабактын максаты, мазмуну, колдонуучу ыкмалары, баалоонун түрлөрү, анан күтүлүүчү натыйжа берилет. Муну адистик билим берүүдө 1989-жылы Советтер Союзу “технологиялык карта” деп киргизген. Көп деле жаңы эмес. Бизде азыр куррикулумдун тегерегинде жүргөн кээ бир адистер өтө бир жаңы нерсе экен деп, аны стандартка карама-каршы коюп, программага карама-каршы коюп, саясатташтырып жиберди. Эгер адистер мындай жай отуруп карашкан болсо, жуурулуштурса болот. Мен муну физкультура сабагынан жасадым, маселеси жок эле кетип жатат. Башталгыч мектеп үчүн бүтүрүп, бердим, отзывтар жаман эмес, азыр 5–9 үчүнжасап жатам.

Ошон үчүн кыргыз тилчилерге да кайрылдым. Биргеликте иштесеңиздер, жаман деп түрткөнүңөр менен, тумуштун агымы, талабы башка жакка кетип жатат, мамлекеттин талаптары бар. Анан, академияны реорганизация кылып жаткан учурда да “биз жасап жаткан реформаны тейлеп бергиле” деп министр талапты катуу койду. Анан, баарын эле тескери кабыл ала бергенге болбойт деген позицияны мен ачык айтып, протоколго жазып коюуну суранам.

Ким сүйлөйт?

**М.К.Иманкулов:** Менин авторго суроом бар. Сиздин китебиңиз кыргыз тили боюнча экен. Демек, кыргыз тилин үйрөтүү менен бирге, бул китеп окуучуларга кыргыздын элин, жерин, салт-санаасын, маданиятын үйрөтүшү керек да, ушундайбы?

**П.Осмонова (автор-түзүүчү):** Ооба.

**М.К.Иманкулов:** Сиздин китебиңизде бир да андай материал жок го?

**А.Мамытов:** Мурат Калматович, мен сизди перебивать этейин. Биринчи куррикулумдун маселесин чечип алалычы, андан кийин окуу китебине өтөлү. Куррикулум боюнча оюңузду айтыңыз.

**М.К.Иманкулов:** Менин оюмча, куррикулум боюнча туура багытта баратабыз. Негиз катары кабыл алып, калганын иш убагында оңдосо болот. Жалпы багыттардан кетпейбиз да.

**К.К.Жунушалиева:** Сулайман Казыбаевич, айтыңызчы, эгер Абакир Мамытовичтин маалыматына караганда, куррикулум билим берүүнүн технологиялык картасы катары каралып, стандарт, программаларгы дал келиши керек экен. А сиздер карап чыккан бул куррикулум стандарт программага дал келет бекен же таптакыр башка документ бекен?

**С.К.Рысбаев:** Силабустары бирдей эле экен, программалык өзөк да бирдей. Анан, негизги компетенциялар берилип, бирок, кыргыз тилинин граматикасын үйрөнүүдөгү компетенциялар жок экен. Анан, баалоонун түрлөрү, күтүлүүчү натыйжалар берилиптир.

Ошондуктан, бүгүңкү бекиткен программаны алып, ошонун негизинде негизги компетенцияларды тактап, булардан күтүлүүчү натыйжаларын алып, толуктап иштеп чыксак, программа+ предмет боюнча билим берүүнүн технологиялык картасы (куррикулум) деп сунуштасак болот, деген сунушту айтып жатабыз.

**К.К.Жунушалиева:** Сиздин бүгүн мындан мурда бекитилген деңгээлдик программаңызга дал келет бекен же карама-каршыбы?

**С.К.Рысбаев:** Ушул турушунда экөө эк башка болуп жатат. Алар деңгээлдин ордуна тепкичтерди алыптыр. Тепкичтер Блуумдун таксономиясы боюнча гана берилиптир. Анан биз тил үйрөтүүгө карата мамлекеттик деңгээлде талап коюлуп жаткандан кийин, мына ушул деңгээлдик принципти кабыл алышыбыз керек деп түшүндүрдүк.

**А.Мамытов:** Деңгээлдик пртинципти алганыбыздан кийин программа да өзгөрөт. Программа өзгөрсө, куррикулум дагы өзгөрүшү керек. Экөө бири-бири менен тыгыз байланышта. Ошондуктан, сиздерден тезирээк программаны алып келгиле деп талап кылдым да. Алып келгениңердин өзү позитив.

**С.Жаанбаев:** Сулайман Казыбаевич, мына бул кол жазманы "...кыргыз тилин 2-тил катары окутуунун стандарты деп, анан кашаанын ичине "куррикулуму" деп коюшуптур. Стандартыбыз бар да, ошондуктан, азыркы Абакир Мамытович айткандай кылып эле, стандарт деген сөздү куррикулумга жабыштырбай алып коюп эле, куррикулуму деп эле кетире бербейбизби. Маселенин баары ушул жерден чыгып жатат. Стандар деге сөздү алып койсок эле болду, кете берет.

**С.К.Рысбаев:** Биз да ошону айттык. Ошондо куррикулум предметти окутуунун технологиялык картасы ктары каралып калат.

**А.Мамытов:** Биз буга чейин 3-класс үчүн куррикулумдун негизинде жазылган "математика", мекен таануу" окуу китептерин программага дал келбейт экен, дал келтиргиле деп кайтарбадыкпы. Азыр бул жерде да программага дал келтирип, синхрозизация кылуу керек.

**С.К.Рысбаев**: Ошентип, дал келтирип, бир документ кылалы деп сунуштап жатабыз.

**А.Мамытов:** Суроо барбы дагы?

**И.Бекбоев:** Абакир Мамытович, сиз айтып жатасыз "предметтик билим берүү стандарты деген түшүнүк жок" деп. Мен буга караманча каршымын. Именно предметтик билим берүүнүн 11 предмет боюнча мамлекеттик стандартын 1995-жылы брошюра кылып чыгарганбыз. Жамандыр-жакшыдыр ал министрликтен бекип, жогору жактан да бекиген. Анан, сиз айтып жатпайсызбы, мисалы, физикалык билим берүүнүн мамлекеттик стандарты, анын деңгээлдери деген жок деп. Ничего ни подобного, кайсыл баскычтагы мектепти бүткөндө бала эмне деген билимге, эмне деген билгичтикке, эмне деген көндүмгө ээ болот

деген черным по белому жазылып турат. Анан бар нерсени жокко чыгарып, бардыгын бүгүнкү жаңы уккан куррикулумга жабыштырганга мен караманча каршымын.

**А.Мамытов:** Билим берүү жөнүндө 2003-жылы чыккан мыйзам бар. Ошол жерден предметтик стандарт дегенди тапсаңыздар мен кечирим сурайын. "Преметтик стандарт" деген жок. Стандарт деген түшүнүк билим берүүнүн деңгээлине берилет. Мисалы, "стандарт школьного образования", стандарт среднего профессионального образования" ж.б. деп. Дагы бир жолу айтамын, стандарт бир гана билим берүүнүн мазмунун эмес, анын шарттарын кошо камтыйт, эң аягында барып, документти камтып калат. Биз стандартка жеңилирээк мамиле кылып койгонбуз. Досбол Нуриевич министр болуп турганда бекип кеткен экен, көрдүм.Эми эмне кылайын?

**И.Бекбоев:** Стандарт дегенде адегенде көпчүлүк эмнени түшүнгөн? Мисалы, тамак аш продукцияларын чыгарганда стандартка жооп береби, бербейби, же кийим-кеченин 38-размер, 40-размер дегендей стандарттары бар, ошого жооп береби, жокпу деп. Анан ошол терминди билим берүү сферасына колдоно башташкан. Ал боюнча айтсам, бүт схемасын жазып чыккамын, "Инсанга багыттап окутуунун теориялык жана практикалык негиздери" деген эмгегимде.

**А.Мамытов:** Бул түшүнүк билим берүү сферасына 1992-жылы кабыл алынган Билим берүү жөнүндөгү мыйзамда кирди. Ага чейин жок эле. Мен ошол мыйзамга түздөн түз тиешеси бар кишимин. 2003-жылы бул түшүнүктү кеңирирээк карап, тактап бердик.

**И.Бекбоев:** Ал кезде куррикулумдун жыты да жок болчу да.

**А.Мамытов:** Ооба, жок болчу, куррикулум деген түшүнүк кийинчерээк келди дагы, анан ошол стандартты каптап кетти. Муну каптатпай коюш керек болчу.

**С.Жаанбаев:** Азыр деле кеч эмес да.

**А.Мамытов:** Азыр деле кеч эмес, ал да туура, бирок, ордуна коюп койгондон эч нерсе болбойт, кемип деле калбайт. Технология деген кире берет.

**Б.Мурзаибраимова:** Өлкөнүн өнүгүү стратегиясында "стандарт (куррикулум)" деп бирге жазылып калган да.

**А.Мамытов:** Жазып койсо эмне кылайын, алар менден сурабайт да. Силер да коментарий берип бузуп коюп жатасыңар. Мына, академиянын структуралык өзгөрүүсүндө министр мага талап коюп жатат – биздин реформаны, стратегияны илимий-методикалык жактан колдоп бере турган мекеме болосуңар деп.

**И.Бекбоев:** Ал Уставда жазылганбы?

**А.Мамытов:**"Биздин реформаны" деген сөз Уставда жок. Бирок, академиянын миссиясы билим берүү саясатынан алысьтай албайт. Саясатты министрлик аныктайт. Анан, Билим берүүнүн стратегиясында жазылып турса, биз тескери кете берсек болбойт да. Бирок, "стандарт (куррикулум)" деп бирге жазылып калганына менин түздөн-түз тиешем жок.

**И.Бекбоев:** Министрликтин чечими ведомственное решение болот.

**А.Мамытов:** Стратегияны Жогорку Кеңеш да бекиткен, Президент да бекиткен.

Мындай кылалы, бул жерде көз караштардын карама-каршылыгы болуп жатат, бул абдан принципиалдуу маселе. Мен жашыруун добуш берүүнү сунуш кылам. Бири-бирибизди карап, президент минтти, Исак Бекбоевич тигинтти дебей, ар ким жүрөгү менен добуш берсин.

**И.Бекбоев:**Десе дей берсин, эмне чаап алмак беле.

**А.Мамытов:** Эми ситуация ушундай болуп жатат, министр өзү келип айтпадыбы.

**И.Бекбоев:** Эми ал түшүнбөсө эмне кылалы?

**А.Мамытов**: Мен эмне кылайын?

**С.Иптаров:** Мен оюмду айтайынчы. Мына бул китепти жазган кишиге чоң рахмат айтышыбыз керек да агай.

**И.Бекбоев:** Эмне, окуп чыктыңбы же жыттап көрдүңбү.

**С.Иптаров:**Окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептерде башка улуттагыларга кыргыз тилин окутуу боюнча китеп болуп жатат. Анан, ушул авторлор китеби жөнүндө айтып беришсе, балким, биз ынанып каларбыз.

**М.К.Иманкулов:** Биринчи куррикулумду чечип алышыбыз керек болуп жатпайбы, китептен мурун.

**А.Мамытов:** Эгерде биз куррикулумун азыр бекитип койсок, биздин азыркы жоболорго ылайык, ошол боюнча конкурс жарыяланып, китеп жазылышы керек эле. Бирок, булар экөөнү бирге алып келип жатпайбы. Ага кандай дейбиз, ал суроо да берилиши керек.

**С.К.Рысбаев:**Ооба, бекип боло элек нерсе боюнча китеп жазылган.

**А.Мамытов:**Кечээ эле конкурс жарыялоо боюнча буйрукка виза койдук ээ,Сейит Жаанбаевич. Демек, кыргыз тилин үйрөнүү боюнча конкурс жарыяланат, ал 4 ай жүрөт. Андан кийин жыйынтыгы чыгып, андан ары кол жазма менен иштеп баштайбыз.

Менин пикиримде биринчи документти бекитип берип, андан кийин автор менен сүйлөшөлү, "бул кандай, конкурс болобу, болбойбу" деп.

**С.К.Рысбаев:** Лабораториянын пикири окуу китептери программага туура келгендиктен, беките берүү, ал эми куррикулумду менин жетекчилигимде кайра иштеп чыгуу үчүн үч айлык мөөнөткө кайра иштөөгө кайтаруу болчу да?

**А.Мамытов:** Анда, куррикулуму менен окуу китептерин бирге эле бекитип, үч айдын ичинде айрым мүчүлүштүктөрүн оңдоп келүүнү сунуштайлы да.

**С.К.Рысбаев**: Жок, куррикулумду бекитпей коё туруп, иштеп, сентябрдагы кеңешмеге коёлу деп жатабыз.

**А.Мамытов:** Анда августтагы отурумга коёбуз. Шаштырып жатышат.

**П.Осмонова:** Менин куррикулум боюнча презентациям бар эле.

**А.Мамытов:** Уга албайбыз, бүгүн карала турган маселе абдан көп.

**К.Д.Добаев:** Мен биздин сотрудниктерге мына ушул залда эки саат бою куррикулум боюнча семинар өттүм эле. Көрсө, андагы адамдардын бири да куррикулум эмне экенин түшүнбөптүр. Мен аларга "куррикулум" деген эмес, "куррикулярная дидактика" деген бар экенин, бул технология экенин, куррикулярная технология окутууну программанын чегинде жүзөгө ашыра турганын далилдеп бергемин.

**Б.Мурзаибраимова:** Анда, стратегиядагы "стандарт (куррикулум)" дегенден стандартты ажыратууга да жардам бербейсизби.

**К.Д.Добаев:**Жок, силер менен өткөн ошол семинарда айткандай, ошол эле стандартты, өзгөртүү киргизип, куррикулярная дидактикага өзгөртүп түзгөнгө болот.

**И.Бекбоев:** Анын кандай зарылдыгы бар? Зарылдыгы жок да стандартты өзгөртүүнүн. Сиз эки саат семинар өткөрдүңүз. Аны ушул жерде, жамандыр-жакшыдыр илимий мекемеде иштеп жаткан мен түшүнгөн жокмун. Анан ошону айылдагы мектептин мугалимдери түшүнөбү?

**А.Мамытов:** Зарылдык бул: ар бир темадан конкреттүү материал болот, ыкмалар болот, баалоонун түрлөрү болот, күтүлүүчү натыйжа болот. Жакшы методикалык пособие болуп калат. Мен жаман жагын көргөн жокмун.

**И.Бекбоев:** Стандарттын жаман жагын көрдүңүзбү?

**А.Мамытов:** Стандартта аттары гана бар?

**И.Бекбоев**: Жок, андай эмес. Программа да бар.

**А.Мамытов:** Баалоонун түрлөрү, күтүлүүчү натыйжа стандартта жок да. Ошону толуктап жатпайбы.

**С.Иптаров:** Абакир Мамытович, бир пикирге келели. Бул куррикулумду, китептерди иштеп чыккандар деле өзүбүздүн улуттук кадрлар экен. Сулайман Казыбаевичтин пикирин колдосок. Анан, түзүүчүлөр, силер куррикулумга 3 бет болобу, 5 бет болобу, бир "шапка" бергилечи жакшы. "Куррикулум" десе аны негиздеп, жок, ал термин жарабайт десе, башкасын негиздеп бергиле да. Бир "куррикулум" деген сөздүн айланасында балдарга, мугалимдерге жетпей калып жаткан көп маселе болуп жатат. Ушул тоскоол болуп жатат баарына. Исак Бекбоевдин ою туптуура, себеби, "укуктук-нормативдик жагынан негиздеме кана?" –деп, суроону кабыргасынан койсо, мындан эчтеке таппай калып жатабыз. Мына, Абакир Мамытович өзү "закондо куррикулум деген сөз жок" деп отурат.

Илимий мекеме катары бир пикирге келели, Сулайман Казыбаевич, авторлор менен бирге иштешип, булардын теориялык негиздемесин чың кылып иштеп чыгып бергиле. Куррикулум десеңер эмнеге антип жатканыңарды, стандарт десеңер анын себебин, ушул сыяктууларды 3-5 бетке жазып берип койгула, болду. Азыр жумушчу вариантын кабыл алып туралы.

**С.Жаанбаев:** Ооба, жумушчу вариантын кабыл алалы, анан иштеп келишет да.

**С.Иптаров:**Анан, Абакир Мамытович, жумушчу топто академиядан бир киши жок экен. Сулайман Казыбаевич бирге иштеши керек.

**П.Осмонова:** Академиядан К.Эсеналиева бар.

**А.Мамытов:** К.Эсеналиева "мен башында гана катышып, бирок, иштеп чыгышкан эмесмин",- деп официально айтты.

Сиз мындай кылыңызчы, эми, академия деген жөнөкөй мекеме эмес, мен азыр министрге официально заявить эттим: 5−9-класстын 12 предметинен жумушчу топ түзүп, 9 предметке академиядан бир да кызматкерди кошпой жатасыңар деп. "Академия жарабайт" деген бааны ким берип жатат? Илимий теориялык жактан талаша келсе, мына бул топтогулардын жарымы дискуссияга да жарабайт. Практик деген бул "практик китеп жазсын" дегенди түшүндүрбөйт. Практик менен теоретик биргелешип иштесе китеп жазылышы мүмкүн. Бул жерде ачык эле академияны көзгө илбестик жүрүп жатат. Анан, экинчи бир уят нерсе, сиз бизге кыргыз тилин окутуунун куррикулумун орусча бердиңиз.

**П.Осмонова:** Кыргызчасын да бергемин.

**А.Мамытов:**Кыргызчасын качан бергениңизди билесизби. Аны мен кат жазгандан кийин котортуп келдиңиз, демек, орус мектептер үчүн кыргыз тилин окутуунун куррикулумун орусча жаздыңыз, а өзбек мектептери үчүн эмне кыласыз, өзбекче жазасызбы? Кыргызча жазылат.Ошон үчүн күнөөнү моюнга алыш керек, бирге иштешсек зыяныбыз тийбей тургандыгын билиш керек эле. "Бардык документтер биринчи кыргыз тилинде жазылсын, ишке киргизилсин" деген Өкмөттүн токтомунда бар.

Кат менен кайрылгандан кийин гана кыргызчага котортуп, анан дагы "повторно представляем" деп алып келип жатасыңар. Мындай мамиле туура эмес да.

Куррикулумду бекитип беребиз. Анан, жобого ылайык окуу китебинин конкурсуна катышасызбыже сиз "внеконкурса" кетесизби?

**П.Осмонова:** Булар апробациядан өттү, ал боюнча министрдин буйругубар?

**А.Мамытов:**Апробацияны азыркы талап боюнча КАО өткөрүшү керек. А мунун апробациядан өткөнүнө ким жооп берет. "Буйругу бар" деп, силер министрди подставить этип коюп жатасыңар. Нормативдик документти сактабай, түрдүү ситуация менен кол койдуруп кетип жатасыңар, бул жакшылыкка алып барбайт.

Мен дайыма айтам, мындай болсо КАОго алып келбей эле чыгара бергиле, жаман болуп калса стрелканы КАОго бурбагыла деп. Биз жобонун алкагындагы талаптарды аткарып, бирге иштейли да, жоопкерчилигин моюнга алалы деп жатабыз, анда силер жоопкерчилигин жарым-жартылай аласыңар. Ушуну сезгиле.

Эмне үчүн сиздин китеп "внеконкурса" чыгышы керек? Кана, коомчулуктун алдында айтыңызчы? Долбоор болсоэле эмне экен?

**П.Осмонова:**...

**А.Мамытов:**Анда, куррикулумду биздин адистер менен биргелешип, сентябрга чейин кайраиштеп келишсин дегенге макул бололубу? Добуш бериңиздер анда.

"Макул" – баары, "каршы" – бирөө, кабыл алынды.

Кийинки маселеге өтөлү.

**4.7. Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-6-класстары үчүн окуу-методикалык комплекси:**

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-классы үчүн окуу китеби (авт: П.С.Осмонова).

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-классы үчүн окуу китебине карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт: П.С.Осмонова);

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-классы үчүн окуу китеби боюнча иш дептер (авт: П.С.Осмонова, Т.Н.Абылкасымова).

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби (авт: П.С.Осмонова, Т.Н.Абылкасымова);

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китебине карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт: П.С.Осмонова, Т.Н.Абылкасымова);

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби боюнча иш дептер (авт: П.С.Осмонова, Т.Н.Абылкасымова).

**Угулду:**Мамлекеттик тил жана лингводидактика лабораториясынын башчысынын м.а., п.и.д., профессор С.К.Рысбаев төмөнкүлөрдү билдирди.

Бул китептер, мына авторлор биерде отурат, министрликтин буйругу менен жана СОРОС фондунун каржылоосу астында апробациядан өттү дешти. Мен мындай суроо койдум: апробацияга ким уруксат берген? сыноого ким койгон? эксперт ким болгон? кандай бүтүм чыгарган? эксперттин бүтүмүн ким бекиткен? – деп. Бирок, андай документтери жок экен. Ошого байланыштуу биз бул китептердин кол жазмаларын сынакка коюуга сунуштадык. Негизги документи кайра иштөөгө кайтарылып жатса, китебин эмнеге сыноого деп жатасың деген суроо болбос үчүн айтып коёюн, 5-6-класстар үчүн иштелип чыккан окуу китептеринин өзөгүн учурдагы колдонулуп жаткан окуу программасынын, стандарттардын материалдары түзүп, окутуунун жаңы технологиялары киргизилип иштелип чыгыптыр. Тил үйрөтүү багытындагы талаптар бар, программалык материалдар киргизилген. Айрым кемчилдиктерин оңдоп чыккандан кийин, басып чыгып, мектептерге сынак иретинде сунуштаса болот деп эсептейм.

**А.Мамытов:**Куррикулумдан мурда элеби? Куррикулум кайтарылгандан кийин, бул автоматически аркага жылышы керек да? Сыноого деле программага дал келсе коюлат да?

**С.К.Рысбаев:**Булардын мазмунунда программадагы өзөктүк материалдар болгондуктан, стандартка каршы келбегендиктен, айрым сын-пикирлерди эске алуу менен сыноого коёлу дегенбиз.

**А.Мамытов:** Андай болсо, силер милдетин алгыла, параллелдүү багыт берип, эки айдын ичинде оңдоп келүү милдетин алам деп сөз бергиле, куррикулумун деле кошо бекитип, мыйзамдаштырып коёлу.

**С.Жаанбаев:** Сулайман Казыбаевич, сиз сынакка деп берип жатасыз. Бекитилген жобого ылайык, сынакты КАО өткөрүшү керек, 7 областтан жок дегенде экиден мектеп таап, эксперттерди, мугалимдерди таап келүү керек. Анын баарына каражат керек, андан кийин бир жыл сынакка коюшубуз керек. Азыр буларды чогуу беките берели да, күздө оңдолгон вариантын көрсөтүүнү талап кылалы.

**А.Мамытов:** Ырас миниср өзү муну ачык колдоп келип отургандан кийин, адистер биргеликте иштеп, сентябрга чейин оңдоп чыгабыз деп сөз берип жатышкандан кийин, азыр баарын чогуу бекитип берели да, сентябрь айынан сынакка коёлу.

**С.К.Рысбаев:** Иштеп келип, августка койсок жакшы болмок.

**А.Мамытов:** Августка десек, анда кеч болуп калат, чечим чыгып, адистерди тактагыча эле бир топ убакыт өтөт.

**М.К.Иманкулов:** Мындай чечимге келбейлиби, азыр экөөнү тең чогуу бекитип берели. Андан кийин күзгө чейин оңдоп иштеп чыга беришсе, апробация өтсө, кийинки жылы кайра каралат да.

**С.К.Рысбаев:** Анда ошентели.

**И.Бекбоев:** Куррикулум боюнча добуш берилип, чечим кабыл алынбадыбы, эми кайра-кайра эле карай беребизби?

**А.Мамытов:** Тескери кетип жатышса эмне кылайын.

Принцибинде, ишти алдыга жылдырабыз десек, Мурат Калматовичтин айтканы жөндүү болуп турат. Сынакка деп бекитип берели. Минималдык тираж менен басып чыгарышсын. Биз “фонд-Сорос”, “Дүйнөлүк банк” өткөн апробациялардын жыйынтыгына макул эмеспиз, жобого туура келбейт. Ошондуктан, сынакка деп бекитип, апробациянын башында туралы. Бир жыл сыналгандан кийин, анан кийин массалык тиражга макул бололу. Макулсуздарбы? Кайра добушка коёюнбу?

**Жооп:** Ооба.

**А.Мамытов:** Анда ким айтылган сунушка макул болсо, добуш бериңиздер. “Макул” – 16, “Каршы” – экөө. Көпчүлүк добуш менен чечим кабыл алынды.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлүүчү мекемелердин 5–9-класстары үчүн кыргыз тили боюнча куррикулуму айрым кемчиликтерин эске алуу менен жактырылсын.

2. Аталган куррикулумдун кемчилдиктерин түзүүчүлөр менен биргеликте жумушчу топтун курамына кирип, сентябрь айына чейин оңдоп чыгууну колго алуу жагы академиянын кызматкери, п.и.д., профессор С.К.Рысбаевге милдеттендирилсин.

3. Сентябрь айында аталган куррикулумду бекитүү жана басууга сунуштоо жагы КР БИМге сунушталсын.

4. Окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлүүчү мекемелердин 5–9-класстары үчүн кыргыз тили боюнча куррикулумуна ылайык жазылган төмөнкү окуу-методикалык комплекстеринин кол жазмалары сынакка коюу үчүн жактырылсын:

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-классы үчүн окуу китеби (авт: П.С.Осмонова).

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-классы үчүн окуу китебине карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт: П.С.Осмонова);

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-классы үчүн окуу китеби боюнча иш дептер (авт: П.С.Осмонова, Т.Н.Абылкасымова).

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби (авт: П.С.Осмонова, Т.Н.Абылкасымова);

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китебине карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт: П.С.Осмонова, Т.Н.Абылкасымова);

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби боюнча иш дептер (авт: П.С.Осмонова, Т.Н.Абылкасымова).

5. Аталган кол жазмаларды сынакка коюлуучу окуу-методикалык комплекс катары бекитүү жана тийиштүү санда басып чыгаруу жагы КР БИМге сунушталсын.

**К.Д.Добаев:** Мен да мынабуреки куррикулумду көрүп отуруп, каршы добуш бердим. Бул куррикулум эмес Сулайман Казыбаевич, куррикулум деген программа болот.

**А.Мамытов:** Кыргызбай Дүйшөнбекович, сиз өткөндө орус тилинен куррикулумду жактырып берип, ошондуктан калганы келип жатат. Тил деген бир образовательный областтын орус тилинен бар, кыргыз тилинен жок болуп турат. Эмне үчүн орус тилинен жактырып бересиңер да, кыргыз тилинен жактырбайсыңар, бул кандай позиция деп суроо коюлуп жатат. Ошого менин жообум жок болуп жатат. Ошондуктан, мен сизди бул ситуацияда түшүнбөй турамын. Анан, орус тилинен бир, кыргыз тилинен башка куррикулум болбош керек да, методологиясы бир болуп, тектеш болушу керек да.

Анан дагы айтарым, орус тилинен адистер кыргыз тилинен куррикулум, китеп жазбашы керек, уят да бардыгын жаза берем деш.

Анда компромисттик чечим табылды, абдан күчтүү талкуу болду, бул мыйзам-ченемдүү көрүнүш эле, анда андан ары жыла берели.

**4.8. Окутуу орус, өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 3-класстары үчүн кыргыз тили боюнча окуу-методикалык комплекси:**

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 3-класстары үчүн окуу китеби, 1-, 2-китеп(авт.: Буйлякеева Р.К., Алыпсатарова А.Р., Момункулова З.К.);

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 3-класстары үчүн окуу китебине карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо(авт.: Буйлякеева Р.К., Алыпсатарова А.Р., Момункулова З.К.).

**Угулду:** Мамлекеттик тил жана лингводидактика лабораториясынын башчысынын милдетин аткаруучу С.К.Рысбаевдин билдирүүсү. Ал аталган окуу-методикалык комплекси өткөн окуу жылында апробациядан өткөндүгүн, апробация учурунда бир топ мүчүлүштүктөр эксперттер жана предметтик мугалимдер тарабынан белгиленгендигин айтып өттү жана авторлор эксперттер менен биргеликте иштеп, белгиленген мүчүлүштүктөрдүн баары эске алынып оңдолуп чыккандыгын билдирип, оңдоолор киргизилген беттерди көрсөттү. Андан кийин, мына ушулардын баары компьютерге киргизилип, китептердин дагы бир сигналдык вариантын лабораторияга көрсөтүп, муну менен салыштырылып, эксперт кол койгондон кийин гана массалык тираж менен басууга болорун белгиледи.

**А.Мамытов:**Авторлор бул жердеби?

**С.К.Рысбаев:** Айтылган, бирок келишпей калды.

**А.Мамытов:** Расмий жободо айтылган, сигналдык вариант даяр болгондон кийин, эксперт кол коёт деп.

**С.Жаанбаев:** Сулайман Казыбаевич, Абакир Мамытович айткандай, сигналдык экземпляры кайра көрсөтүлүп, эксперт кол койгондон кийин гана массалык тираж менен кетет.

**С.К.Рысбаев:** Антпесе, мына булардын баарын оңдогондон кийин да ката кетиши мүмкүн. Мына, мукабасында эле рецензент филология илимдеринин доктору Б.Абдухамидова деп жүрөт.

**А.Мамытов:** Ал деталдары эми. Анда, сунушка макул дейлиби. Добуш бериңиздер. “Макул” – баары, “Каршы”, “калыс” – жок. Кабыл алынды.

Талкуунун жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Окутуу орус, өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 3-класстары үчүн кыргыз тили боюнча төмөнкү окуу-методикалык комплекс жактырылсын:

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 3-класстары үчүн окуу китеби, 1-, 2-китеп(авт.: Буйлякеева Р.К., Алыпсатарова А.Р., Момункулова З.К.);

− Кыргыз тили. Окутуу орус, өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 3-класстары үчүн окуу китебине карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт.: Буйлякеева Р.К., Алыпсатарова А.Р., Момункулова З.К.).

2. Аталган окуу-методикалык комплексти бекитүү жана сигналдык вариантына расмий эксперт кол койгондон кийин тийиштүү санда басып чыгаруу жагы КР БИМге сунушталсын.

**4.9. Англис тили. Бишкек шаарындагы № 5 Улуттук компьютердик гимназиянын англис тили багытындагы класстары үчүн модифицирленген программалар** (түзгөнмугалимдер: 4-класс үчүн − Арунова Ы, Чалпаков У., 5-класс үчүн −Абдраимова Н, Айтбаева А.).

**Угулду:** Мамлекеттик тил жана лингводидактика лабораториясынын башчысынын м.а. С.К.Рысбаевдин билдирүүсү.

Ал №5 мектептен мындай модифицирленген программалар келип жүргөндүгүн белгилеп, муну да ошолордун катарында колдоого чакырды.окуу программасындагы сааттардын бул программага дал келүүсү, ага киргизилген материалдар жөнүндө айтып өттү.

Программалар британиялык авторлор:Р.Наката, К. Фразиер, Б. Хоскинз тарабынан жазылган “Let’s go” аттуу окуу китебинин жана “Family and Friends” окуу китеби (авторлор:Т. Томпсон, Н. Симмонз, Лиз Дрискол) негизинде түзүлгөн.

**А.Мамытов:** Түпкүлүгү №5 Улуттук компьютердик гимназиянын өкмөт тарабынан бекитилген Жобосунда программаларын Кыргыз билим берүү академиясы менен макулдашат деген орун алган. Ошону сактап келип жатышат. Адистер карап, макул болуп жатышса колдоп коюуга болот деп ойлойм. Анда, ким макул болсо добуш бериңиздер. Макул – баары, каршы, калыс жок, чечим кабыл алынды.

Талкуунун жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

Англис тили. Бишкек шаарындагы № 5 Улуттук компьютердик гимназиянын англис тили багытындагы класстары үчүн модифицирленген программалары (түзгөндөр: 4-класс үчүн − Арунова Ы, Чалпаков У., 5-класс үчүн −Абдраимова Н, Айтбаева А.) жактырылсын жана бекитилсин.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**4.10. 4-5класстынокуучуларыүчүнанглис тили боюнчаокууколдонмолору:**

- First frends;
- Famili and frends;
- Let's go;
- Look up;
- Solutions;
- English Plus (3−11 класстар үчүн).

**Угулду:** Мамлекеттик тил жана лингводидактика лабораториясынын башчысынын м.а. С.К.Рысбаевдин төмөнкүдөй мазмундагы билдирүүсү.

Бул китептер Бишкек шаарындагы Оксфорд Пресс Өкүлчүлүгү тарабынан келип түшкөн.Англис тили боюнча ар бир аты аталган окуу методикалык комплекс үч бөлүктөн (Student’s Book, Work Book, Teacher’s Book) турат. Бул бирөө балдар үчүн, бирөө мугалимдер үчүн экен. Сунушталган колдонмолор ыңгайлуу структурасы, жеткиликтүү грамматикасы, ар кандай деңгээлдеги, практика үчүн көнүгүүлөрдүн көптүгү менен айырмаланышат. Көнүгүүлөр тил көндүмдөрүн жана кеп билгичтиктерин калыптандырууга багытталып, окуучунун кызыкчылыгын, анын жаш өзгөчөлүгүн эске алып, коммуникативдүү компетенцияны калыптандырууга негизделген.

Окуу методикалык комплекси – акыркы алынуучу натыйжаны көздөй кошумча көнүгүүлөр,”жөнөкөйдөн татаалга” принцибин пайдаланып, сюжеттүү линия аркылуу, угуу үчүн тексттерди жана ырларды камтыйт. Англис тили сабагында окуу методикалык комплекстерин (ОМК) эффективдүү колдонуу Оксфорд Университетинин чоң илимий потенциалынын негизинде түзүлгөндүгү менен аныкталат жана методологиялык иштелмелердин сапатына коюлган бийик талаптарга жооп бере алат.

Окуу колдонмолору аудиозапистери менен бирге даярдалган.

**А.Мамытов:** Болобу, кандай дейсиздер?

**Жооп:** Болот, колдоп коёлу.

**А.Мамытов:** Бул эми таза методикалык материал экен. Муну колдоп койсок болот.

Талкуунун негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. **4-5 класстын окуучулары үчүн англис тили боюнча төмөнкү окуу колдонмолору жактырылсын жана бекитилсин**(авт.:Н.Симмонс, Б.Ветс, Т.Фалла, Р.Наката, С.Янузи)**:**

- First frends;
- Famili and frends;
- Let's go;
- Look up;
- Solutions;
- English Plus (3−11 класстар үчүн).

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**4.11. Кыргыз элдик педагогикасында инсанды социалдаштыруу. Монография (автор: М.С.Мурзаев).**

**Угулду:** Педагогика жана кесиптик билим берүү лабораториясынын башчысынын м.а., п.и.д., профессор К.Д.Добаев монография боюнча төмөнкүлөрдү билдирди:

Социалдаштыруу маселеси дисциплиналар аралык мүнөзгө ээ болуп, татаал жана көп кырдуу процесс болгондуктан, көптөгөн илимдер тарабынана изилденет.

Монографияда социалдаштыруу маселеси социалдык педагогика менен этнопедагогиканын айкалышынан каралаган. Аталган эмгек мазмуну, көлөмү, илимий деёгээли жана жаёы идеяларга жыш болгондугу менен айырмаланат жана монографияга коюлуучу талаптарга жооп берет.

Пландаштырганда монография экикитептентуратдепболжогонбуз. Булбиринчикитеп. Ошондуктан монография 3 главаданганатурат. Биринчикитептеинсанжанаанысоциалдаштыруу, кыргызэлдикпедагогикасындаинсандысоциалдаштыруусалттарыжанаулуттукөзгөчөлүктөрүа чыпкөрсөтүлгөн. Ал эмиинсандысоциалдаштыруунунөнүгүүсүэкинчикитептинмазмунунтүзөт.

Монография ЖОЖдо жана КООЖдо педагогикалык адистиктерде окутулуучу педагогикалык жана психологиялык дисциплиналарды, айрыкча “Этнопедагогика”, “Социалдык педагогика” дисциплиналарын окуп үйрөнүүдө өтө керектүү илимий маалыматтарды камтыгандыгы менен баалуу болуп саналат.

Мындай Кыргыз элдик педагогикасында инсанды социалдаштыруу боюнча монографиялар Кыргызстанда өтө сейрек кездешет. Муну колдоп коюу туура болот деп эсептейм.

**И.Бекбоев:** Кай жерде талкууладыңар?

**К.Д.Добаев**: Биздин борбордо.

**И.Бекбоев:** Кайсы кишилер катышты, элдик педагогика боюнча изилдөөчүлөрдөн ким окуп чыкты?

**М.С.Мурзаев:** Этнопедагог А.Алимбековдун рецензиясы бар, талкууга борбордун кызматкерлери толук катышты.

**И.Бекбоев:** Бизде элдик педагогика боюнча иштеген С.Иптаров деген бар, ошол катыштыбы?

**М.С.Мурзаев**: Сабыр Иптаровия катышкан жок.

**И.Бекбоев:** Анда болбойт. Элдик педагогика боюнча А.Алимбековдон да мурун атайын демилге көтөрүп, группа түзгөн ушул Иптаров. Ийнесинен жибине чейин билет. Муну эмне игнорировать этесиңер?

**С.Иптаров:** Игнорировать этпейтагай, шартошондойболупкалсакерек да. Китепчы-габерсин.

**А.Мамытов:**Монографиягаминистрликтингрифиналгандажобобоюнчаиштегенмекемен инзаключениесикерек болот, анансырттан да заключение керек болот. Демек, башкажакка 2-обсуждениеге да барат. Эми ошонуналдында, ИсакБекбоевичтуураайтыпжатат, СабырИпта-ровичке да окутупкойгула. .

АнанМаматалы да биздеаракеттенипиштепжатканкызматкерлердинбири. Көпжылдан-беркиэмгегиэкен, колдопкоёлу.

Талкуунунжыйынтыгында**Окумуштууларкеңешитоктомкылат:**

1. М.С.Мурзаевдин “Кыргызэлдикпедагогикасындаинсандысоциалдаштыруу” аттуу-монографиясынын кол жазмасыжактырылсын.

2. Аталганмонографиянын кол жазмасынбекитүүжанаминистрликтинатайынгрифиме-ненбасуугасунуштоожагыКРБИМгесунушталсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**4.12. Основы безопастности жизнедеятельности. Методическое пособие для учителей начальных классов (1-3 классы) (авт.-сост. М.Субанова, М.Т.Иманкулова, В.В.Савочкина, Ч.Ж. Жумакадырова, В.П.Клецова).**

**Слушали:**и.о.заведующей кафедрой «Дошкольного воспитания и начального образования» (ДВНО) Усенко Л.В. Она отметила, что пособие предназначено учителям начальной школы. В пособии в соответствии с учебной программой даны рекомендации учителям по подготовке к уроку, представлен обширный информационный материал, использованы методики и технологии по проведению занятий по данному интегрированному курсу.

Материалы пособия были апробированы в школах г. Бишкек, Ошской и Баткенской областях, где были даны положительные отзывы. Замечания и рекомендации, данные в отдельных отзывах, были учтены при окончательной доработке рукописи. Рецензенты и кафедра рекомендуют данную рукопись для утверждения и издания.

Заслушав и обсудив представление кафедры «Дошкольного воспитания и начального образования» (ДВНО), **Ученый советпостановляет:**

1. Утвердить рукопись методического пособия «Основы безопасности жизнедеятельности» (1-3 класс) для учителей начальных классов (авт.-сост. М. Субанова, М.Т. Иманкулова, В.В. Савочкина, Ч.Ж. Жумакадырова, В.П. Клецова) и рекомендовать ее к изданию.

**4.13. Неформальное образование / Формалдуу эмес билим берүү. Методическое пособие для учителей (на русском и кыргызском языке) (авт.: АлбанаМаркья, переработано с албанского варианта А.Токтогуловым,В.А.Бредихиной).**

**Слушали:**и.о.заведующей кафедрой «Менеджмент в образовании» К.К.Жунушалиевой. Она отметила, что в пособии представлен необходимый информационный, учебный и методический материал, по работе с работающими детьми. А также представлены материалы по планированию занятий в условиях неформального образования. Материалы пособия были апробированы в Московском и Иссык-Атинскомрайонах Чуйской области при сотрудничестве с Международной организацией труда, которые получили положительные отзывы. Методическое пособие рецензировано в двух этапах: первое до апробации и второе после. Замечания и рекомендации, данные рецензентом и в отдельных отзывах, были учтены при окончательной доработке рукописи. Рецензент А.М.Мамытов и кафедра рекомендуют данную рукопись на Ученый совет для утверждения и издания.

**А.Мамытов:** Формальное образование дегенбулкадимкимектептеги расписание мененокутуу. Неформальное образование дегендин фокусу − мектепкетартылдбай калган балдардыжазганга, окугангаүйрөтүү, дүйнөдөгүокубай калган балдаргаболгонкамкордук. Кыргызстандаокубай калган балдардын саны официально 3200 депжатышат.

**И.Бекбоев:**Колдошкерек, мындайколднмону.

Заслушав и обсудив представление кафедры «Менеджмент в образовании»**Ученый совет постановляет:**

Утвердить рукопись методического пособия для учителей по неформальному образованию (авт.:АлбанаМаркья - специалист образовательного центра по тренингам и квалификации Албании.Переработано А.Токтогуловым и В.А.Бредихиной) и рекомендовать ее к изданию.

**4.14. Методическое пособие по проведению внеклассных мероприятий по программе “Школа без насилия” (сост.: Общественный фонд “Лига защитников прав ребенка”).**

**Слушали:**представление и.о.заведующего лаборатории социально-гуманитарных предметов М.К.Иманкулова. Он отметил, что данный рукопись представляет собой дополнительное методическое пособие для учителей, классных руководителей, завучей по воспитательной работе и социальных педагогов общеобразовательных школ. Материалы пособия направлены на повышение эффективности занятий по формированию у школьников толерантного поведения. Данное методическое пособие является совершенноновым по своему содержанию и подходу изданием, так как в нем объединены в едино все важные аспекты, связанные с формированием толерантного поведения у подрастающего поколения.

В целом,пособие заслуживает поддержки, так как оно подкреплено практическими учебными материалами для работы со школьниками.

**Д.Бабаев:**Булмурда да келип, кайра кайтарылган. Мазмунужакшы. Колдопкойсо болот лабораториянынсунушун.

Заслушав и обсудив представление и.о.заведующего лаборатории социально-гуманитарных предметов, к.п.н., доцента М.К.Иманкулова **Ученый совет постановляет:**

Утвердить рукопись методического пособия по проведению внеклассных мероприятий по программе "Школа без насилия" (сост.: Общественный фонд "Лига защитников прав ребенка")и рекомендовать ее к изданию.

**4.15. Кыргыз билим берүү академиясынын төмөнкү жоболорун бекитүү:**

**− КББАнын атайын каражаттар жөнүндөгү жобосу /Положение о специальных средствах КАО.**

**− КББАнын кызматкерлерин сыйлоонун тартиби жана шарттары жөнүндөгү жобо / Положение о порядке и условиях премирования работников КАО.**

**Угулду:** Президен А.Мамытовдун төмөнкүдөй маалыматы.

Урматтуу коллегалар, биздин академияда эки счет бар – бюджеттик жана атайын (специальный) счет. Специальный счет боюнча академиянын жобосу 2005-жылы бекиген, ошол боюнча иштеп келдик, анан жакында келген эсептөө палатасынын комиссиясы аны эскирип калыптыр дейт. Андан сырткары, 2008-жылдары Өкмөттүн ушул атайын каражаттар боюнча токтому болгон, ошонун негизинде кайра карап иштеп чыктык, принципиалдуу деле өзгөрүү жок. Болгону спецсчеттун калыптануу, сактоо тартиби, кандай отчет болот ж.б. маселелер каралган. Бардыгы дагы бир жолу мыйзам чегинде иретке келтирилди. Бекитип койсок болот.

**И.Бекбоев:** Бир кезде спецсчеттон бүт эле кетип жатат, 20%ин налогго калтырыш керек деп жүрүштү эле.

**А.Мамытов:** Быйыл, 2013-жылдан тартып налог токтотулду. Эки жылга төлөп, 20%ин алдыртып келбедикпи. Эми кармабайт.

**И.Бекбоев:** Анда кош колдоп бекитип берели.

**С.К.Рысбаев:** Абакир Мамытович, бизде иштеген мугалимдерге, кафедра башчыларга жана башкаларга спецсчеттон доплата бар экен да. Ал наукадагы лабораторияларга каралбайбы?

**А.Мамытов:** Мунун принциби мындай да, ким ошол каражаттарга тиешеси болуп, иштеп, таап, аткарып жатса, ошолорго стабилдүү доплата бар.Андан тышкары, мугалимдерге, кафедра башчыларга, бухгалтерияга, жетекчилерге бар. Мен келгенде спецсчет 2,5млн эле, азыр 8,5 млнго чыктык. Ошону келип, текшерип жатышат. Анан,илимий кызматкерлер, сиздер экспертизадан таап жатасыздар. Диссертацияларды, кол жазмаларды экспертизалагандарга төлөп берип жатам. Анан, ошонун эсебинен кандидаттарга 1000, докторлорго 2000 сомдон төлөп берип жатабыз.

Анан, атайын каражаттын акчасы командировкаларга, ремонтко, премьяларга да кетет, бул жерге жазылды.

**К.Д.Добаев:** Абакир Мамытович, кандидаттарга 1000ден, докторлорго 2000ден деп жатпайсызбы. Башка жерлерде бир топ эле көбүрөөк төлөшөт экен, кээ биринде 5000ден, 10000дени да бар экен. Ошону дагы сүйлөшүп албайбызбы.

**С.Жаанбаев:** Кандидаттарга, докторлорго берилсе, алардын ишин кылып жаткан калганыбыз жөн эле жүрбөйбүзбү. Ошондуктан, аны көбөйтпөй эле, өтө жакшы иштегендерге премья берүү менен чектелгенибиз деле туура.

**А.Мамытов:** Кандидат, докторлорго стимул болсун, башкалар да окумуштуулук джаража алууга аракеттенсин деп берилет. Кээ бир окуу жайларда чынында көбүрөөк берилет, бербегени да бар.

Дагы кандай суроо бар? Болдубу.

Анда, 2-жобого өтөлү. КББАнын кызматкерлерин сыйлоонун тартиби жана шарттары жөнүндөгү жобо / Положение о порядке и условиях премирования работников КАО.

Буга дагы комиссия претензия кылды, силер премьяларды бере берет экенсиңер, нормативдик документиңер жок дейт. Мен айттым, Өкмөттүн токтомунда жазылып турат, "президент в праве ежеквартально премировать" деп. Биздин Уставда да бул укук жазылган, коллективдик договордо жазылган, эмнеге беребиз – жумуштагы жакшы жетишкендиктери үчүн, бир жылдан кем эмес иштебегендер үчүн, илимде, билимде, ар түрдүү тапшырмаларды аткарууда өзгөчсөлөгнгөндөргө, майрамдарда, юбилейлик даталарда берели деп, колдоговордогуну бул жакка да алып жазып жатабыз.

**С.А.Бектеналиев**: Абакир Мамытович, мугалимдер стажына карап, башка болуп, бардыгы эле доплата алышыт экен. Анан инженер-програмисттер тиягына да, биягына да кошулбайт экенбиз. Анан, момунча жумушту жасап жатышкан биздин програмисттер 3000сом айлыкка чыдай албайт го.

**А.Мамытов:** Эми айтып жатпаймынбы, 1,8коэффициент боюнча бардык документтерди даярдадык, понедельник минфинге барабыз деп, оңунан чечилип калышы керек, күтө тургула. Анан, фотографка төлөп берип жатам, диссертациялык коргоололрду тейлеп берсеңер төлөп берели деп жатам, бир сизге келгенде эмне кылышты билбейм. Академиянын пайдасы үчүн балким бир бизнес ачыңыз.

**И.Бекбоев:** Жалаң эле даражасына карап эмес, академия үчүн аябай жан үрөп иштегендерге да берсе болот. Мисалы, Сакебай Абдыбековичке, Сейит Жаанбаевге, Сабыр Иптаровичке ж.б.

**С.Иптаров:** Анан, тандап-тандап берип жатат деген да сөз болот. Андан көрө, жогорудагыдай так критерийлери болбосо, жөн эле койгон туура.

**А.Мамытов:** Мындай кылалычы, буйруктардын баарын көтөрүп, кимге надбавка бар эле, ким алып жатат, ким албай калды дегенди тактайлычы мурун. Менимче, мен бир да кишинин надбавкасын алган жокмун. Колдон келсе көбөйтүп эле келатам түрлөрүн.

Дагы кимде суроо бар? Жок болсо, добушка коём. Ким ушул жоболорду бекитүүгө макул болсо добуш бериңиздер. "Макул" – баары, "каршы", калыс жок.

Талкуунун негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

Кыргыз билим берүү академиясынын төмөнкү жоболору бекитилсин:

− КББАнын атайын каражаттар жөнүндөгү жобосу /Положение о специальных средствах КАО.

− КББАнын кызматкерлерин сыйлоонун тартиби жана шарттары жөнүндөгү жобо / Положение о порядке и условиях премирования работников КАО.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

6. Окумуштуу-педагог, Эл агартуунун отличниги, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, филология илимдеринин доктору, профессор, Россиянын Эл аралык педагогикалык жана социалдык илимдер академиясынын академиги, И.Арабаев атындагы сыйлыктын лауреаты, коомдук ишмер Байгазиев Советбек Орозкановичти Кыргыз Республикасынын Эл мугалими наамына көрсөтүү.

**КББАнын Окумуштуулар кеңешинин**
**төрагасы, п.и.д., профессор: А.М.Мамытов**

**Окумуштуу катчы, п.и.к.: Б.Б.Мурзаибраимова**